
# Роботбек




Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Роботбек

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Роботбек" (кыргыз тилинде), автор Абдыкерим Муратов, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



4-классста окуган классташтар жаш техниктер станциясына саякатка барышты. Ал жерде жалпы өлкө боюнча окуучулар жасаган эмгектердин көргөзмөсү болуп жатыптыр. Классташтар көргөзмөнү көпкө кыдырып жүрүштү. Бир убакта роботтор көргөзмөсүн Бектемир, Күмүшай, Нурлан – үчөө көрүп кызыгып токтоп калышты. Көргөзмөдөгү роботтор адамга окшоп басып, кыймылдап жатышты.



Көргөзмөдөн кайтып келе жатканда, үчөө сүйлөшүп чогуу робот жасашмак болушту. Бирок кантип жасоону билбей турушту.

– Келгиле, дагы бир күн жаш техниктер станциясына барып, роботтор кандайча жасаларын жакшылып байкайлы, – деди Нурлан.


– Техниктер ийримине катышсак да болот, – деп Күмүшай өз сунушун айтты.

– Анда, интернеттен, китептерден роботтор кандай жасала тургандыгы тууралуу материалдар менен таанышалы, – деди Бектемир.

Бир күнү роботту кантип жасоону үйрөнүү үчүн жаш техниктер ийримине да барышты. Ал жерде беш-алты бала жана алардын жетекчиси робот жасап жатышкан  экен.

Бектемир, Күмүшай, Нурлан микросхемаларды үйрөнүп, аларды бири-бири менен байланыштырууну, электромоторго туташтырууну үйрөнүп алышты. Ар кандай тетиктерди чогултуп, адамга окшотуп робот кураштырышты. Колун сереңдетип жаңсоону кыйла кыйналып жатып жасашты.

Балдардын роботу башын ийкеп, колдорун ар түрдүү жакка кыймылдатып калды.



– Роботко ат койбойлубу? – деп Күмүшай балдарга сунуш кылды.

– Ооба, сонун болмок, – деди Нурлан.


– Роботбек деп койбойлубу? – деди Нурлан тамашалап.


– Биздин робот – Роботбек! – деп балдар күлүп калышты. Баарына Нурлан койгон ат жакты.

– Роботбек, ары тур!

– Роботбек, бери кел!

– Роботбек, колуңду бер! – Балдар ушинтип роботко буйрук берип жатышты. Ал болсо балдардын айтканын так аткарып берди.






– Биздин Роботбек сүйлөгөндү билсе сонун болмок ээ, – деп Күмүшай кыялданып калды.

– Анда кошумча функция киргизиш керек, – деди Нурлан олуттуу.

– Сүйлөп калса, биздин роботубузга Манас айттырабыз! – деп Бектемир ойлоп тапкан сунушуна корстон боло түштү.

Балдар электрониканың, робототехниканың сырларын ийрим жетекчисинен дагы тереңирээк үйрөнүштү. Ал модулдук сигнал берүүнүн технологиясын көрсөтүп берди.





Эки сервомотор койду эле, робот бир кыйла күчтүү боло түштү. Дөңгөлөктөрдү орноткондон кийин, Роботбек ары-бери чимирилип "чуркап" калды. Микрофон коюп, сим-карт салып интернетке туташтырышты. Бир убакта "Роботбек" англисче сүйлөп жиберди. Анын программалоо тилин кайра өзгөртүп чыгышты. Интернеттен көптөгөн аудиожазууларды көчүрүп, анын "мээсине" жүктөштү.


Бир күнү робот: "Манас... Манас... Манас..." деп эле токтоп калды.


– Коё турсаңар, дагы бир карап чыгайын, – деп Нурлан роботтун схемасын оңдоп, кээ бир жерлерин кайра ширетип чыкты.

"Манас, Манас болуптур, Манас атка конуптур..."

Балдардын роботу токтолбой Манас айта баштады.

Балдар сүйүнгөнүн жашыра албай, улам-улам роботту сүйлөтө беришти.






Эртеси Күмүшай үйүнөн алып келген саймалуу ак калпакты Роботбекке кийгизип койду.

– Эми биздин роботубуз кыргыз болуп калды, – деп балдар жыргап күлүп калышты .

– "Мен – кыргыз... мен – кыргыз... мен – кыргыз... " – Роботбек күрүлдөп жоон добуш менен үн салды.

– Ушул робот менен кийинки көргөзмөгө катышсаңар, сөзсүз биринчиликти аласыңар, – деди ары жакта балдардын ишине суктана карап турган жаш техниктер станциясынын директору.

Өзгөчө үндү уккан ийримдеги башка балдар да манасчы роботту тегеректеп, таңыркай да, суктана да карап турушту...



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Абдыкерим Муратов
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли